| | | | |
|---|---|---|---|
| | | практикалык иштердин туура аткарылышын көзөмөлдөшөт, диагностикаларды аныкташат, ички көзөмөлдүн талаптарын аткарат. | |
| 1.4 | Персоналдардын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдердин болушу, аларды сактоо (билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы) | Мектеп персоналдардын жана окуучулардын жүрүм-туруму боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002- жылдын 23-октябрындагы "Мугалимдердин жүрүм- турум эрежелери", 2013-2017-жылдарга "Тарбия берүү концепциясынын", "Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамынын" жана "Мугалимдер Статусунун" КР билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын 29-педагогдордун укуктары жана милдеттери статьясынын, Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобосунун 42-Окуучулардын милдеттери, 51-ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлүнүн) милдеттери, 56-мугалимдеринин милдеттери статьяларынын, мектептин Уставындагы 4-бөлүмүндө, КР эмгек кодексинин-статьяларынын мыйзамдык негиздеринде мектептин профсоюз уюмунун структуралык курамынын жардамы менен иш жүргүзөт.<br>Ушул мыйзамдардын жана алдынкы тажрыйбалардын негизинде **«Мугалимдердин кесиптик этикасы жөнүндө»** Жобо иштелип чыккан жана баштапкы профсоюздук кесиптик бирликтин жалпы чогулушу менен педагогикалык кеңештин 2021-жылдын 13-сентябрындагы №1 жыйынында талкууланып, бекитилген.<br>Ал мугалимдердин журум-турумундагы этикалык нормалар мугалимдерди жагымсыз, терс кырдаалдан сактайт жана мектеп мугалимдин аброюнун бийик болушун камсыздайт, окуучу-ата-эне-коомчулук-мугалим ынтымагын бекемдейт, жагымдуу кырдаал жаратат.<br>**Мугалимдердин кесиптик этикасы жөнүндө жобонун максаты:**<br>. Өзүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашыруусуна педагогикалык журум-турумундагы этикалык ченемдерин белгилөө;<br>. Мектептеги педагогикалык кызматкерлердин кадыр-баркын көтөрүүгө көмөктөшүү;<br>-Педагогикалык кызматкерлердин бирдей журум-турум ченемдерин камсыздоо.<br>Мектепте мугалимдер жана окуучулар арасында улуттук майрам болгон Нооруз майрамы өткөрүлүп, сүмөлөк бышырып, кыргыздын | 13-тиркеме<br>Мектептин ички тартип эрежелеринин жобосу тиркелет.<br>14-тиркеме<br>Этикалык кодекс же локалдык-укуктук актылар «Мугалимдердин кесиптик этикасы жөнүндө» Жобо «Окуучулардын укугуна жана милдеттерине карата окуучулардын жүрүш-туруш эрежеси жөнүндөгү» жобо |